**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**
**№ 8 ПРОТОКОЛУнан**
**КӨЧҮРМӨ**

***Бишкек шаары*** ***2023-жылдын 3-июлу***

**Катышкандар:** А. Акматалиев – ф.и.д., акад., – төрага, Ыйсаева Н. – ф.и.к., бөлүм башчы, Кадырмамбетова А. – ф.и.д., Жамашова Г. – ф.и.к., бөлүм башчы, Дыйканова Ч. – ф.и.к., Мукасов М. – ф.и.к., Исаева А. – ф.и.к., бөлүм башчы, Исраилова Д. – ф.и.к., бөлүм башчы, Көлбаева М. – ф.и.д., бөлүм башчы, Койлубаев К.– ф.и.д., бөлүм башчы, Жакыпбекова А. – профуюмдун төрайымы, Кадыралиева Д. – ф.и.к., кафедра башчы илимий кызматкерлер: Сооронов О., Арипов С., Эшматов Р., Тургунбаева Ж., Жунушалиева Г., Исмаилова З., Тойчубек кызы Ж, Бекболотов А., Давлетов М., Мээрканова Р., Абдыбаева П., Сабыр у. А., Качкынбай кызы А. – окумуштуулар кеңешинин катчысы, ф.и.к.

**КҮН ТАРТИБИ:**

"Манас", фольклор жана акындар чыгармачылыгы бөлүмүнүн ага илимий кызматкери А.Бекболотовдун "Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы (С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттарынын негизинде) аттуу кандидаттык диссертациясын талкуулоо.

2.

**Угулду:**

**Отурумдун төрайымы, ф.и.д., доцент М.К.Көлбаева:** Саламатсыздарбы отурумдун катышуучулары, бүгүнкү күн тартибине коюлган экинчи маселе А.Бекболотовдун "Манас" үчилтигиндеги элдик ишенимдер жана ырым-жырымдар" аттуу темада 10.01.09 – адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо. Илимий иш «Манас», фольклор, акындар чыгармачылыгы бөлүмүндө бекитилген. Илимий жетекчиси – ф.и.д., профессор А.А.Акматалиев. Анда иштин мазмуну боюнча кыскача баяндап берүү үчүн сөздү изденүүчүнүн өзүнө берсек:

**Диссертант Бекболотов А.У:** Саламатсыздарбы, урматтуу төрайым жана жыйындын катышуучулары. Биздин илимий ишибиз 10.01.09-фольклористика адистиги боюнча "Манас" үчилтигиндеги элдик ишенимдер жана ырым-жырымдар" деген темада жазылган. Иш 3 бөлүмдөн турат.

Биринчи глава **«Манас» эпосундагы жашоо циклине байланыштуу элдик ынаным-ишенимдер жана ырым-жөрөлгөлөр боюнча фольклористика, этнография багытындагы изилдөөлөргө илимий сереп**" деп аталып, эки параграыка бөлүнгөн. Биринчи параграф "Фольклордук-этнографиялык материалдардын негизинде ырым-жөрөлгө элементтеринин изилдениш тарыхы" деп аталып, ырым-жырым, жөрөлгөлөрдүн маңызы, бири-биринен болгон

айырмачылыктары, алардын этнографияда, фольклористикадагы изилдениш тарыхына жалпы обзор берилет. Экинчи параграфта “Элдик оозеки чыгармачылыктын түрлүү жанрындагы ырым-жөрөлгө элементтерин классификациялоо тарыхынан” деп аталат. Мында ырым-жөрөлгө элементтеринин фольклордук башка жанрларда берилиши жана да буга чейинки кассификациялар, алардын биринин экинчисинен болгон айырмачылыктары талдоого алынат.

Экинчи глава **«Манас» эпосунда чагылдырылган үй-бүлөлүк ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдерди изилдөөнүн стадиалдык этаптары”** деп аталат. Главада ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдерди изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы, баланын төрөлүп өсүшүнө байланышкан ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдердин “Манас” эпосунда чагылдырылышы сындуу маселелер каралат.

Баланын бойго бүтүшүнө чейинки ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдер, Баланын бойго бүткөндөн кийинки ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдер деген теманын алдында талдоолор жүргүзүлдү.

Бала күтүүдөгү ырым-жөрөлгөлөр бир эле “Манас” үчилтигинде эмес кенже эпостордо дагы кеңири сүрөттөлгөндүгү көрсөтүлдү (бул варианттарды айтпаганда). Ушуну менен катар алгачкы диний ишенимдер менен исламдын синкреттешип, жуурулушуп, симбиоздуу абалда калыптанып калган учурларына басым жасалды. Ошо күндөн ушу күнгө сакталып калган ынаным-ишенимдери ага байланыштуу ырым-жөрөлгөлөрү дагы жок эмес. Маселен: мазарга сыйынуу кыргыздын түшүнүгүндө кудайга тобо келтирип жакшылык келтирүү ритуалдын бири. Мойнуна куржун салынып, жөө мазар кыдырып жүрүү кудайга, жаратылыштын ар кыл кубулуш-көрүнүштөрүнө, ыйык санаган белгисиз күчтөргө мойун сунуунун, улуулугун таануунун, алсыздыгын мойунуна алуунун белгиси болгон.

Жыйынтыгында бала төрөлгөндөн кийин деле ар кандай анимистик, тотемдик, фетиштик ишенимдерге байланыштуу ынанымдар жасалган жана айрымдары азыр деле сакталып келе жатат. Алардын актуал түрдө калышы ислам менен байыркы ишенимдердин жуурулушкандары жана исламдан кирген ишенимдер ошол боюнча колдонулуп келе жаткан мифтик түшүнүктөрү экендиги талданды. Бул баптын өзгөчөлүгү – ырымдалып коюлган адам аттары дүйнө элдеринде ар бир этнос, ошонун ичинен кыргыз элинде алмустактан бери келе жаткан ат коюу салтына аяр мамиле кылары мисалдар менен тастыкталды жана белгиленди. Абалкы ата-бабалар наристеге ат койууда терең ой жүгүртүп, ар кандай жагдайларды, шарттарды эске алып, баштагыдай ишенимдер дагы да болсо элдин аң-сезиминде жашап келе жаткандыгы белгилүү болду.

Үчүнчү глава **“Манас” эпосундагы үйлөнүү үлпөтүндөгү жана акыретке узатуудагы ырым-жөрөлгөлөр жана ынаным-ишенимдердин көркөм функциясы** деп аталат. Главада «Манас» эпосундагы Үйлөнүү ырым-жөрөлгөлөрү жана ынаным-ишенимдеринин поэтикасы, акыретке узатуудагы Манас баатырдын жашыруун жерге берилишинин себептери жана ырым-жөрөлгөлөрү талданып, эпосто көркөм чагылдырылышы анализденет.

“Манас” эпосунда үйлөнүшүнө чейинки кезедшкен ырым-жөрөлгө, ынаным төлгө ишенимдерден Кумайыктын табылышы, Каныкейдин Айкожонун сынынан өтүшү. Үйлөнгөндөгү кудага тоугуздап мал бериши анын аңыз кептери (миф), жылкынын башына ак кебездин байланышы, ак өңүнүн табуланышы, мындан башка

да майда барат өпкө чабуу, курмандык чалуу сыяктуу ырым-жырымдар каралып алардын алгачкы мифтик түшүнүктөрү менен исламдын ишенимдери эриш аркак берилген. “Манас” эпосунда үйлөнүү процесинде кездешкен чач өрүү салттык ырым-жөрөлгөнүн жалпы түрк тилдүү элдерде азыркы учурда кандай колдонулушу жана алтай, башкыр, туба, хакас эпосторунда да мындай чач өрүү ырым-жөрөлгөсүнүн байыркы архаикалык мотивдери катмарланып берилгендиги менен катар чач өрүү дүйнө элдеринин мифтик моделдеринин бири экенин айтууга болот.

Жыйынтыгында кыргыз элинин үйлөнүү салт-санаасы, үрп-адаты, ырым-жөрөлгө «Манас» эпосунда кеңири берилген жана бир вариантта сүрөттөлбөгөн элдик ынаным-ишенимдер, экинчи бир вариантта берилип, бири экинчисин толуктап тургандыгын жана мындай эпикалык салттуулук бир эле биз талдоого алган маселелер менен чектелбегендигин белгилөө маанилүү.

Жалпы корутундуда ар бир бөлүмдөн чыккан корутундулар жалпылаштырылып, иштин максатына ылайык 7 пункттан турган жыйынтыктар чыгарылды.

Иш боюнча 13-март, 2023-жылы “Манас”, фольклор жана акындар чыгармачылыгы” бөлүмүнөн талкуудан өткөнбүз. Ал талкууда бир катар сын-пикирлер айтылып, кеңештер берилген. Ишти кайрадан карап чыгып, ондолгон, толукталган жерлерине токтолсом.

1. Тема боюнча. Ырым-жырымдардын көркөм поэтикасы деген атайын бир глава же пунк киргизилиш керек деген сунуш берилген. Бул глава киргизилди. Варианттар менен салыштырып.

2. Классификациянын кериги жок деген пикир айтылган. Биздин оюбузча классификация керек. Себеби, бул изилдөө методу катары же болбосо ырым-жырымдарды бөлүштүрүүдө менен бөлүштүрүүлөрүм кайдан алдың кимге таяндың деген суроолор жаралбаш үчүн бөлүштүрүлөрдү алгач кыргыз, казак, кытайлык окумуштуулар кандай карагандыгын андан соң орус окумуштуулары кандай караган деп келип олтуруп, акыры И.Молдобаевдин бөлүштүрүүсүн мисал кылганыбыз менен фольклористтерден, тарыхчы-этографтард жиктөөлөрүнүн негизинде келип, жашоо циклына байланышкан ынаным-ишенимдер ырым-жөрөлгөлөр деп бөлүштүрүлдү. Ичинен узун берилип калган жиктөөлөр кыскартылды.

3. Өткөөл ырым-жырымдар (обряды перехода В.Г.) да алып салуу сунушталган. Өткөөл ырым-жырымдар иштин негизи катары каралгандыктан алынган жок. Себеби өткөөл ырым-жырым бир этаптан экинчи бир этапка өтүү үчүн толгон токой ырым-жырымдар колдонулган мисалы: бала төрөлгөндөн кийин ит көйнөк кийгизүү өткөөл ырым. Ал кырк материалдан жасалган учурлары болгон. Демек ал кыркын чыгаруу деген түшүнүк менен байланыштуу, ушул эле көрүнүш. Үйлөнүү тойдо үлпөт көйнөк, чач өрүү өткөөл ырым. Акыретке узатууда кепиндөө исламдашкан мезгилдин көрүнүшү болсо мунун байыркы ырым менен жасалган төөнүн териси менен каптап салуу болгон анткени төө орто азия элдеринде провадник дух катары каралган.

Негизи эки варинат (С. Орозбаков, С. Каралаев) каралган. Бирок иштин максатына ылайык айрым учурларда салыштыруу максатында Б.Сазанов, М.Чокморов, Т.Молдо. Ш.Азизов, Ш.Рысмендеев Ж.Мамай манасчылардын варианттарын да караган учурлар болду.

Адамзат турмушунда колдонулуучу ырым-жөрөлгөнүн издери азыркы салт-санаадан көрүнөт. Азыркы ынаным-ишенимдердин жаралуу доору байыркы диний түшүнүктөргө барып такалат. Маселен, кыргыз элинин, коңшу элдердин, деги эле

жалпы жер бетиндеги адамзатынын, ар бир улуттун өзүлөрүнө тиешелүү каада-салт, үрп-адаттары бар. Ар бир эл өзүнүн каада-салты менен өгөчөлөнүп таанылып турат. Ушул салттар менен кошо ырым-жөрөлгө эриш аркак аткарылат.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!

**Отурумдун төрайымы, ф.и.д., доцент М.К.Көлбаева:** Диссертанттын сөзүн уктук, оңдоо-түздөөлөр жөнүндө да жеткиликтүү айтып берди. Анда процедура боюнча суроолорго өтсөк.

**Ф.и.д. Г. Орозова:** Ырым-жырым ынаным-ишенимдер фольклордук материалбы?

**Диссертанат А. Бекболотов:** Негизги маңызы, түбү этнографияда жатат. Бул боюнча ф.и.д. К. Абакиров да айткан: этнографиялык материалга качан көркөм поэтикалык сөздөр аралашканда гана фольклорго өтөт. Бирок бир маселени эске алыш керек болуп жатат. “Манас” эпосунда ырым-жырымдын поэтикасы өтө аз берилет. Мисалы, ырым-жырымга тиешелүү нерселер жөн гана курулай атоолор менен аталып өтөт. Мисалы,

“Ушундай экен ырымы,
Үчтөн төртөн көрүнөт,
Атына таккан жырымы”

Муну адис окуп эле түшүнбөсө башка карапайым адамдардын түшүнүшү өтө кыйын. Биздин максатыбыз ушуга окшогон тексттеги айрым бир маселелерди аз да болсо чечмелеп берүү менен поэтикалык өзгөчөлүктөрүн анализге алып, тексттеги ырым-жырым, ынаным-ишенимдердин көркөм чагылдырылышын талдоо болду.

**Ф.и.д. Орозова Г.:** “Манас” эпосунда ырым-жырымдардын поэтикасын эмес башка фольклордун жанырларында терилишин да кошо карасаң болот деп ойлойм. Менин суроолорум бүттү. Рахмат.

**Ф.и.д. К.Койлубаев**: кайсы ырым-жырым, элдик ишенимдердин эпосто берилиши каралды?

**Диссертанат А. Бекболотов:** Баланын төрөлүшүнө, үйлөнүүгө байланыштуу, өлгөң адамды акыркетке узатуу же “Манас” баатырдын жашыруун жерге берүүнүн себептеринин эпосто чагылдырылыш өзгөчөлүктөрү талдaнд.

**Ф.и.к. М. Мукасов:** Үчилтик дебей эле “Манастын” өзүн эле алса кандай болот?

**Диссертанат А. Бекболотов:** Биз бул маселелерди жетекчим экөөбүз дагы ойлонгонбуз. Бирок, элдик ишенимдер, ырым-жырымдар өтө көп эмес болгондуктан үчилтикти алалы дедик. Бул, биринчиден. Экинчиден айрым ырымдардын ата-бала, үй-бүлө, муундар байланышында жа берилеринен улам үчилтикти алуу залдыгы келип чыкты.

**Ф.и.к., доцент А.Исаева**: Кыргыздардын эпосторунда берилген ырым-жырымдарды карапсыз. Мына ушул маселелер жакынкы башка түрк тилдүү элдердин эпосторунда берилет бекен?

**Диссертанат А. Бекболотов:** Ооба. Ар бир элдин ишеними болот. Мындан улам

**Отурумдун төрайымы, ф.и.д., доц. М.Көлбаева:** Дагы суроо барбы? Суроолор болбосо анда талкууга өтө берели.

**Жетектөөчү илимий кызматкер Сабыр уулу Амангелди:** Биринчи талкуудагы маселелер көбү оңдолгонун агай өзү айтты. Менин байкаганым УАКтын талабына ылайык тематикаларды пландарды оңдоп келиптир. Бирок, айрым мүчүлүштүктөр дагы да кетип калыптыр. Мисалы, изилдөөнүн объектиси,

предметтери, жоболору да кошулуп кетиптир. Бирок изилдөөнүн методунда бир нече варианттар каралып, кенже эпостор да талданган. Бул эң жакшы көрүнүш. Анан ушунун баардыгы инцасия маселеси менен каралып жаткандыгы эң жакшы деп эсептейм. Анткени, мындай көрүнүш чоң эпостордон, кичи эпосторго чейин кезигет. Негизи эле ар бир жазылган иш коомго кызмат кылышы керек. Менин жеке пикиримде мына бул иштеги негизги үч фактрого (төрөлүү, үйлөнү, жерге берүү) тышынан гана мамиле кылып келгенбиз. Бул иш коомго кызмат кылат деген ишеничтемин.

**Жетектөөчү илимий кызматкер Ажыбаев Артур:** Ишти кызыгуу менен окуп чыктым. Менимче иштин структурасынан ката кетип калган көрүнөт. Өтө майдалабай жылыштырса кандай болот деген ойдо калдым. Сүйлөмдөрдүн түзүлүштөрүн структуралык жактардын караса. Дагы бир айта кетчү нерсе бир сүйлөм жүрөт анимизм, фетишизм, тотемизм боюнча деп келип толук чыкпай калыптыр. Иштин актуалдуулугунда ...улуттук идеалогиянын маанилүү атрибуттары экенин далилдөө. Эми бул ырым-жырымдар идеалогиялык жүктү көтөрө алабы деген суроо пайда болот. Ошондуктан бул сүйлөмдөрдү алмаштырып салуу жакшы болот. Иште өтө көп малыматтардын сноскалары жок экен. Мисалы, 115-23 бетте, 47-67 албарсты тууралуу сноска жок. Иштин объектиси менен предметин так көрсөтүү керек. Анткени, объект “Манас” эпосунун классикалык варианттары, предмети анын ичиндеги ырым-жырымдардын табиятын иликтөө деген тууракак болот болушу керек.

**Ф.и.к. А.Исаева:** Акынбектин иши мага жакты. Биринчиден, тандаган илимий багыты ага болгон мамилеси жакты. Бул иш көп убакыттан берки көрө элек сейрек иштердин бир деп эсептейм. Анткени, биринчи эле белгилей турган нерсе илимдин талаптарына ылайык, иште эпостун тексттинен чыгып ошондон алып анан илимий материалга жаткырып атат. Болбосо илимий иштердин көбү бир идеяны же гипотезаны алат да андан соң, материалды ушул гипотезага байлап, таңуулай баштайт. Ушул жагынан алганда жакшы деп эсептейм. Иштин түзүлүшү жагынан мен да мурункуларга кошулам. Оңдолчу жерери бар. Дагы бир эскерте кетчү жери цитаталарды алганда же бардыгын орусча же бардыгын кыргызча кылган туура болот. Корутундуну бекемдеш керек. Киришүүдө эмне максат коюлса ошону жазса эле даяр болуп калчудай. Менин байкашымча бул иш максатына жеткен. Ал эми классификация боюнча дисертантты мен колдойм анткени бул иш өтө катаал иш. Деңгээл өтө жогорку десем да жаңылышпайм, докторлук иште каралчу маселе. Ошого карабай дисертант баарын карап чыгып, өзүнүн классифкациясын сунуштаптыр. Демек, дисертант теориалык материалды жана “Манас” эпосуна, фольклорго тиешелүү материалды толук түшүнөт жана билет. 1-глава өтө дыкаттык менен иштелген. Анткени, Ч. Валихановдон баштап кечеки коргогон кандидаттык иштерден бери карап чыккан. Мтодолгиялык жактан камтыган материал өтө чоң жана терең каралган. Дагы бир баса белгилеп кетчү нерсе. Эпостун текстин камтыган материалдар. Темасын ачып бериш үчүн дисертант Чокон Валихановдон баштап классикалык варианттар менен башка варианттарды кошкондо 7-8 вариант эсептедим.Ммындан сырткары кенже эпостордун бир тобун карап чыккан. Ушу жагынан иш максатына жеткен жана кийинки диссертациялык кеңешке сунуштоого толук татыктуу. Мындан аркы ишине ийгилик каалайм.

**Ф.и.д. А.Кадырмамбетова:** “Манас” эпосу боюнча жазгандарга эпостун тексттин толук окуп чыкандыгын өзү эле чоң жеңиш. Иштин объектисин жакшы билгени көрүнүп турат. Классикалык варианттардан сырткары бир нече вариантты

окуп чыгыптыр. Кенже эпосторду да окуп чыгыптыр материалды камтуу боюнча чоң эмгек жасалыптыр. Мыны ушул тексттердин баары зарылдыкка жараша тартылыптыр. Убактысынын баары ушуга кетсе крек менимче. Ушуну менен катар эле изилдөөчүлөрдүн эмгегин окуп чыгыш зор эмгек. Бул боюнча деги эле сын айтууга болбойт. Эми жазуу боюнча айтып жатышат. Стилдик жактан кеткен каталар бар экен. Анча мынча чаташып кеткен жерлери бар. Мурунку изилдөөчүлөрдүн ойлорун айтканда өтө чоң окмушутуулар алыныптыр эми алар менен полемикага чыгуунун деле кажети жок да. 1-главаны ушундай түшүндүм. 2-глава өткөөл ырым-жырымдары өзү төрөлүү үйлөнүү, өлүм өзү бул жашоо мыйзамы да. Анан дагы бир маселе кириш бөлүмүндө актуалдуулугу деген жерде көбүнчө максатын айтып коёт экен. Албетте экөө эриш аркак жүрөт бирок айрымалап жазыш керек. Диссертант өзү айтып кетти ырым-жырымдар эпосто жөн гана атоо иретинде кездешет деп. Албетте, андай процестин баарын айтуунун кажеттии жок. Бирок, иштин өзгөчөлүгү ошол жөн гана атоо менен жолуккан ырым-жырымдардын чечмеленишин башка эпостордон кенже эпосторго чейин карап таап аны түшүндүрүп бергендигинде. Ушуну менен катар тема “Манас” эпосу болсо эмне үчүн элдик поэмаларга чейин кетип калып жатасың ушуга бир кириш бөлүмүнө түшүндүрмө берип кетсең жакшы болмок. Жалпы-жонунан алганда жакшы. Анан айрым жерлерден чаташып кеткен жерлери бар экен. Мисалы Бакан. Ооба, кыргыз эле аябай ырымчыл эл болгон. Бирок бакандын ролу турмуш тиричиликте колдонгон бир буюм катары колдонгон десек туура болчудай. Ал эми дисертант баканды кармап төрөгөндө ошонун таасири балага тийип ал баатыр чыгат деген түшүнүктү берип кюптур. Андан түркүккө өтүп кетет. Эми негизинен иш турат эпостун текстин жакшы билет ийигилк каалайм.

**Жетектөөчү илимий кызматкер Ы. Эшматов:** диссертант өзүнүн ишин жакшы билгендиги көрүнүп турат. Бирок этногрфиядагы ырым-жырымдын фольклорго келгенде болбой эле көркөмдөлөт да мына ушул жерге келгенде дисертант аксайт экен. Менинмче ырым-жырымдардын поэтикалык жагын караш керек. Өткөл ырым-жырымдардын дүйнөлүк эпостор менен карап өзүнчө пораграф кылып койсо да болот. Менимче ырым-жырымдардын поэтикасына өзүнчө бир пораграф арнаш керек. Болбосо классификация кылынгандары статистика боюнча гана кала берет. Болбосо баардыгы ордунда.

**Ф.и.к. Г. Орозова:** Окумуштууларда да аспиранттарда да бир аз кемчилик бар да менин пикиримде. Структураны өтө майдалап салгансың туура эмес. 1-глава түрк тилдүү элдердин ырым-жырымдарды карап чыгып, анын генезесине сереп салып, ачып бере албайсың. Сенде азыр андай тажрыйба жок. Окумуштуулардын ойлорун алганыңда өзгөчө изилдөөлөрдө анын жакшы же жаман жагын айтып олтурушуң керек эле жөн эле тизмектебей. Методологиялык негизи деген нерсеге окумуштууларды тизмелеген жерде. Положения боюнча ошол тармакта жазган кишилерди гана тизмеге киргизишиң керек эле. Дисертант ырым-жырым, ынаным-ишенимдердин генезисине эле көңүл бурбай алар эмпирикалык элдик билим-илим, элдик педагогика, этнография, этно-педагогика түшүнүктөрүн өзүнө камтып турганы дурус. Бирок, 1-главаны дагы карап чыгышы керек. Анткени, анын кээ бир жерлери чийки болуп калган.

2-глава. Бул бөлүм да параграфтрага өтө көп кылып бөлүп салгансың. Иштин негизги бөлүмү болгондуктан. Ырым-жырымдарга тиешелүү тексттердин баарын эле “Манастан” таппайсың. Ал этнографиялык материал катары да калып калды да. Бирок, ал башка жанырларда сөзсүз бар да ошолорду ал мисалы бешике баланын

бөлөнүшүндө ырым-жырымды мисал кылууда ”Манас” эпосунда же башка чыгармалардагы поэтикасын келтирип койсоӊ эле ал фольклор болуп калат. Дагы бир айта кетчүү олутту бир маселе теманын аталышын жарым жартылай, “Манас” эпосундагы элдик-ынаным ишенимдер, ырым-жырымдар жана анын идеялык, көркөмдүк өзгөчөлүгү (С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттарынын негизинде) деп өзгөртүүнү сунуштайм.

**Ф.и.д Н. Нарынбаева:** диссертанттын биринчи талкуудан кийнки өскөндүгү көрүнүп турат. Менде айта турган бир олутту маселем эпостун негизги өзөгүн түзгөн бул ислам эмес ошондуктан изилдөөдө бул багытка басым жасабагыла. Манастагы ислам бул үстүнкү эле көрүнүш ал эми тереӊине киргенден кийин такыр башка дүйнө. Муну дисертант түшүнүп турат ал жөнүндө маек да курганбыз. Жалпы жонунан иш бар, аракети чоӊ мен колдойм.

**Ф.и.к. Д. Исраилова:** Менин айтайын дегеним ушул биздин жаш жигиттердин макалаларын дайыма окуп жүрөм. Анан ичим жылып отуруп калам. Окумуштуу боло турган балдар деп. Убактылары келди эми. “Манаска” мен өзүм да кызыгып жүрөм. Анан бул эпостун тексттери өтө көлөмдүү. Жарым миллион саптан турган бир эле Саякбайдыкы мындан сырткары жети, сегиз вариантты карап чыгыштын өзү бул окумуштуулуктун белгиси. Ал эми инсация маселеси. Сиздер талашкандай эле бар. Муну ар кандай багытта, ар тараптан карай берсе болот. Ошондуктан бул талаш боло берчү көрүнүш. Диссертантка ийгилик каалайм.

**Ф.и.д. Көлбаева Мээрим:** Темасына келгенде “Манас” үчилтигиндеги ырым-жөрөлгөлөрдүн көркөм функциясы” деген өндүү айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү керек го деп эсептейм.

Тема абдан чоӊ, абдан талаштуу. Өткөн отурумда айткан сунуштардын бир тобун оӊдоого аракет кылган. Бирок, актуалдуулугу, объект, предметинде алешемиктер дагы деле бар. Ошону менен катар ынаным- ишенимдерди класификациялоодо бир көбүн эсе исламдын таасири турат дегенди айтып алган. Бул туура эмес. Тексттеги ырым-жырымдарды этнографиялык жактан эмес ошол нерселердин көркөм текстте интерпритацияланышын алганда суроо берилбейт эле деп ойлойм. Теманын изилденишин толук бергенге аракет кылган. Бирок, изилдөөчүлөрдүн мамилесин кандай болгон деген маселелерди үстүртөн карап койгон жерлери бар. Классификацияга келгенде мурунку классификасиялардын баарын эле келтире бергендин кажети жок деп мурунку талкуда айтылган бирок ал боюнча азыр өзүнүн түшүндүрмөсүн берди. Анан ошонун негизинде таянып туруп “Манас” эпосундагы өзү классификациялап жатат ошол жерде бир ката кетип калган. Үй-бүлөлүк ырым жырымдарга баарын эле киргизип салган. Мындан сырткары өткөөл ырым-жырымдарга өтө чоӊ суроо болгон. Азыр ошого толук ынанымдуу жооп алдым. Кортундуларды пунктар менен киргизип койсо жакшы болот. Мен дагы темасына айрым өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайм.

Пикир билдирүүчүлөр бүтсө сөздү диссертанттын илимий жетекчисине сөз берсек.

**Ф.и.д., проф. А.Акматалиев**: Полемика болондун өзү жакшы ар тараптуу сөздөр айтылат. Бул ишти (теманы) берердин астында “Балдарга арналган жырым, жөрөлгө, үйлөнүү үлпөт салты жана ыры” (2015) деген китеп чыгаргам. Ал китепте баланын төрөлүшү менен үйлөнүү салты жазылып, акыретке узатууга убактым болбой калган. Мен муну фольклордо тарыхта, профессионал адабиятта кандай берилген ушуларды карап салыштырып чыксамбы дегем. Бирок, убакыт болобой калды. Анан диссертантка сунуштагам. Бул тема боюнча структура менен багытын

гана көрсөткөм. Тема негизинен докторлук иштин алкагы. Бирок, муну өзүңөр айттыңар ачып бере алды деп. Силер айтып жаткан этнографиялык материалдар, мифтик түшүнүктөр, тарых, ислам мунун баары бири бирине сиңип жуурулушуп кеткен ажыратып кароо мүмкүн эмес. Иште ырым-жырымдардын мифтик түшүнүктөрү берилгени жакшы болуптур. Ал эми этнографиялык жагы этнографтар тарабынан каралган. Бирок ошонун "Манас" эпосунда берилиши кандай болгон фольклордо кандай чагылдырылган деген маселенин айрымдары берилген. Ырым-жырымды айта берсе көп оңой да көрүнөт. Бирок өтө татаал иш экени көрүнүп турат. Өзгөчө манасчылар аны кандай берди ушул маселеси өтө татаал. Мына ушул нерселерди кошуш керек.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе дисерттант классификация бериптир, мунун бериш өтө оор, өтө кыйын, татаал жумуш. Канча киши классификация берди эми ошонун баарын мисал кылып, кайра өзүнүкүн сунуштаганы бул жеңиш. Адам ал деңгээлге жетиш үчүн канча эмгектениш керек. Ошол ишине ишеничтүү болушу керек. өзүнүн илимге салымын кошуп атат. Теориялык материалдарды, турмуштук, эпосттун тексттерин карап чыкты бул өтө көлөмдүү чоң нерсе. Гүлбаранын оюна да кошулам фольклордук материалдан да кошуш керек. Иште материалдын баары бар бир гана нерсе бир аз анализ жетпей турат. Дагы белгилей кетчү нерсе ишиңерди силерден ашык эч ким билбейт. Ал эми биз айткан пикирлер иштин жакшы болушу үчүн сунушталат. Бул сын эмес. Мына ошол сунуштардын айрымына кошулаcң, айрымына кошулбайсың. Ишти кийинкиге сунуштайлы.

**Отурумдун төрайымы, ф.и.д., доцент М.К.Көлбаева:** Окумуштуулар кеңешинин урматтуу мүчөлөрү, негизинен темага айрым бир алымча кошумчаларды киргизүү, иштин техникалык, стилистикалык жагын кароо сындуу пикирлер айтылды. Талкууга катышып бергениңиздерге рахмат айтабыз.

**Окумуштуулар кенеши күн тартибиндеги маселелерди талкуулап ТОКТОМ кылат:**

1.1. Изденүүчү Акынбек Бекболотовдун 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **"Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы** деген темадагы диссертациясы талаптарга жооп берет деп белгиленсин жана коргоого сунушталсын;

1.2. Диссертациялык иштин мазмунуна карата айтылган сунуш-пикирлер диссертант тарабынан эске алынсын;

1.3. Диссертация боюнча кошумча экзамендин программасы бекитилсин;

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы,**
**Ф.и.д., доцент** **Көлбаева М.К.**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы,**
**ф.и.к.** **Качкынбай кызы А.**